*“КЭЭБ” ААКунун Жалгыз акционеринин 22.02.2024-ж.№3-р чечими менен бекитилген*

**“Кыргыз Энергетикалык Эсеп Борбору” ачык акционердик коомунун**

# БАШКЫ ДИРЕКЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек ш. 2024-ж.**

“Кыргыз Энергетикалык Эсеп борбору” ачык акционердик коомунун Башкы дирекциясы жөнүндө Жобо )мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана “Кыргыз Энергетикалык Эсеп борбору” ачык акционердик коомунун (мындан ары- Коом) Уставынын негизинде иштелип чыккан.

Жобо Башкы дирекцияны түзүүнүн жол-жобосун, статусун, курамын, функцияларын, ыйгарым укуктарын, анын мүчөлөрүн шайлоонун жана алардын ыйгарым укуктарын токтотуунун тартибин, Башкы дирекциянын иштөөсүнүн жана Коомдун Башкы дирекциясынын башка органдары менен өз ара аракетинин тартибин аныктайт.

## 1.БАШКЫ ДИРЕКЦИЯНЫН СТАТУСУ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

1.1.Башкы дирекция Коомдун коллегиялдуу аткаруучу органы болуп эсептелет жана 3 (үч)мүчөсүнөн турат.
1.2.Коллегиялдуу аткаруучу орган Жалгыз акционер тарабынан бир жылдык мөөнөткө шайланат.
1.3.Башкы директордун орун басарларын жана Башкы дирекциянын мүчөлөрүн шайлоону Башкы директордун сунуштамасы менен Жалгыз акционер ишке ашырат.
1.4.Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылдан ашык болушу мүмкүн эмес. Ошону менен бирге ушундай ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүткөн болсо, Башкы дирекциянын тиешелүү мүчөлөрү өзүнө жүктөлгөн Башкы директордун, Башкы директордун орун басарларынын же Башкы дирекциянын мүчөсүнүн бардык милдеттерин аларды Коомдун Жалгыз Акционери жаңы мөөнөткө шайлаган же кызматынан бошоткон моментке чейин аткарууну улантышат.
1.5.Башкы дирекция өз компетенцияларынын чектеринде аракет кылат жана өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин, Коомдун Уставын, ушул Жобону , акционерлердин жалпы чогулушунун чечимдерин жана акционерлердин жана Коомдун кызыкчылыгын жетекчиликке алат.
1.6.Башкы дирекция Жалгыз акционерге отчеттуу.
1.7.Башкы дирекция Жалгыз акционердин чечимдерин аткарууну уюштурат.
1.8.Башкы дирекциянын курамына Компаниянын жумушкерлери болгон жана Коомдун ишмердигинин чөйрөсүндө атайын билимдери бар жеке жактар шайлана алышат.
1.9.Экономикалык ишмердик жаатында кылмыштарды жасагандыгы же мамлекеттик бийликке, мамлекеттик кызматтын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштары үчүн күнөөлүү деп табылган, ошондой эле кылмыш жоопкерчилигине тартылган адам Башкы дирекциянын мүчөсү боло албайт.

## 2.БАШКЫ ДИРЕКЦИЯНЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ

2. Башкы дирекциянын негизги милдеттери болуп Коомдун ишмердигинин стратегиясынын долбоорун жана Коомдун ишмердигинин бекитилген стратегиясын актуалдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, Коомдун ишмердигинин бекитилген стратегиясын ишке ашыруу, Коомдун ишмердигинин стратегиясын ишке ашыруу жөнүндө маалымдоо, Коомдун кирешелүүлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу саясатын, анын финансылык-экономикалык саясатын жана туруктуулугун иштеп чыгуу жана жүргүзүү, Коомдун акционеринин укуктарын камсыз кылуу, ички контролдук системасынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, акционер койгон чечимдерди ишке

ашыруу, финансылык-чарбалык ишмердикти жүргүзүүнүн саясаттарын жана принциптерин аныктоо; Коомдун ишмердигинин консолидацияланган бизнес-планынын долбоорун иштеп чыгуу эсептелет.

1.10 Коомдун Башкы дирекциясынын комптетенциясына Коомдун күнүмдүк ишмердигине жетекчилик кылуу маселелери кирет, анын ичинде:

1.9.1. Коомду кайра түзүүгө жана жойууга карата, ошондой эле Коомдун филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн түзүү боюнча негиздүү сунуштамаларды Жалгыз акционерге көрсөтүү;

1.9.2. Коомдун ички документтерин, аларга өзгөртүүлөрндү жана толуктоолорду бекитүү;

1.9.3. Коомдун акциялары боюнча дивиденддин өлчөмү жана аны төлөөнүн тартиби жөнүндө Жалгыз акционерге сунуштарды даярдоо;

1.9.4. Коомдун тышкы аудиторун шайлоо жана анын кызматтарына акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо;

1.9.5. Коомдун капиталына кошумча каражаттарды кошумча акцияларды чыгаруу аркылуу тартуу боюнча, анын ичинде мындай тартуунун саны, шарттары жана тартиби боюнча Жалгыз акционерге сунуштарды берүү;

1.9.6. Коомдун жүгүртүүчү акцияларынын саны көбөйтүү же азайтуу боюнча Жалгыз акционерге сунуш берүү;

1.9.7. Жалгыз акционерге кароо жана бекитүү үчүн материалдарды даярдоо;

1.9.8. Коом тарабынан алына турган комиссиялардын, жыйымдардын жана жазапулдардын өлчөмдөрүн бекитүү;

1.9.9. Коомдун активдеринин баланстык наркынын 15тен 30 пайызга чейинки бүтүмдү ушундай бүтүмдү ишке ашыруу чечимин кабыл алуу күнүнө карата кабыл алуу;

1.9.10. Жалгыз акционер менен макулдашуу боюнча Коомдун жумушкерлеринин уюштуруу структурасын, штаттык ырааттамасын, эмгекке төлөө фонду менен кошо аларды жалдоонун жана бошотуунун шарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү;

1.9.11. Суммардык номиналдуу наркы мындай баалуу кагаздарды чыгаруу боюнча чечимди кабыл алуу күнүнө карата Коомдун активдеринин баланстык наркы 50 пайызды түзгөн, бирок Коомдун таза активдеринин наркынан көп эмес акцияларга конвертацияланбай турган баалуу кагаздарды Коом тарабынан чыгаруу боюнча чечимди кабыл алуу;

1.10. Коомдун күнүмдүк ишмердигин башкаруу Башкы дирекция тарабынан өзүнүн отурумунда тиешелүү чечимдерди кабыл алуу жолу менен ишке ашырылат. Мындай чечимдер Башкы дирекциянын отурумунда катышкан Башкы дирекциянын бардык мүчөлөрү кол кое турган протокол менен таризделет. Башкы дирекциянын чечимдери анын тиешелүү отурумдарына катышпаган тиешелүү кызматкерлерине жана Башкы дирекциянын мүчөлөрүнө отурумдун катчысынын милдеттерин аткаруу Коомдун башкы дирекциясы тарабынан жүктөлгөн адамдын колу менен ушундай протоколдон көчүрмөлөр формасында жеткирилет.

1.11. Башкы дирекциянын чечимдерин Коомдун жумушкерлери аткарууга милдеттүү.

## 3.БАШКЫ ДИРЕКТОРДУН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

3.1. Башкы директор Коомдун коллегиалдуу Аткаруучу органын жетектейт жана Коомдун башкармасы тарабынан берилген башка органдардын компетенцияларына кирген маселелерди чечүүгө укугу жок.

3.2. Башкы директор төмөнкү компетенциясынын чектеринде Коомдун атынан ишеним катсыз атакет кылат:

3.2.1. коммдун ишмердигин ыкчам башкаруу жана Башкы дирекциянын иштөөсүн уюштуруу;

3.2.2. Коомдун Жалгыз акционерине Башкы дирекциянын орун басарларын жана мүчөлөрүн шайлоо үчүн талапкерлерди көрсөтүү жана ошондой эле аларды кызматынан бошотуу үчүн көрсөтүү;

3.2.3. Коомдун кызыкчылыктарын бардык мекемелерде, ишканаларда жана уюмдарды Кыргызстанда кандай болсо, ошондой эле чет өлкөдө дагы көрсөтүү ( анын ичинде жалпы юрисдикциядагы сотторго жана бейтарап сотторго доо келтирүү укугу менен);

3.2.4. келишимдерге, башка бүтүмдөргө кол койуу тартибин белгилөө, ишеним каттарды берүү, финансылык документтерге биринчи кол койй укугуна ээ болуу;

3.2.5. өзүнүн компетенциясына кирген жана Башкы дирекциянын мүчөлөрүн кошо, Коомдун бардык жумушкерлери аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды, тескемелерди жана актылардын башка түрлөрүн чыгаруу;

3.2.6. Коомдун жумушкерлерин ишке алууну жана бошотууну ишке ашыруу, аларга кызматтык маяналарды жана кызматтык нускамаларды белгилөө, жаза жана сыйлоо чараларын колдонуу, ошондой эле Коомдун жумушкерлерин кызматтык иш сапарларына жөнөтүү;

3.2.7. Коомдун кызыкчылыктарын көрсөтүү үчүн ишеним каттарды берүү, Коомдун атынан бүтүмдөрдү жасоо;

3.2.8. Коомдун банктардагы эсептерин ачуу;

3.2.9. банкта бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү уюштуруу;

3.2.10. Коомдун Текшерүүчүсүнүн жана Коомдун Ички аудит кызматынын кайрылуулары боюнча чечимдерди кабыл алуу;

3.2.11. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Коомдун Уставына ылайык Коомдун атынан бүтүмдөрдү жасоо;

3.2.12. Жалгыз акционердин жана Коомдун Башкы дирекциясынын компетенциясына кирбеген башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу;

3.3. Башкы директор Башкы директордун орун басарларынын жана Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн ортосунда иш милдеттерин бөлүштүрөт.

3.4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Коомдун уставында жана “Башкы дирекция жөнүндө” Жободо аныкталган анын компетенциясына ылайык Башкы директордун чечимдерин Коомдун бардык жумушкерлери аткарууга милдеттүү.

3.5. Башкы директор жок болгон учурда анын милдеттерин Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн бири аткарат.

## 4. БАШКЫ ДИРЕКЦИЯНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖАНА ИШТӨӨ ТАРТИБИ.

4.1. Башкы дирекция өз ишмердигин отурумдарды өткөрүү жана чечимдерди чыгаруу жолу менен ишке ашырат.

4.2. Башкы дирекция өз отурумдарын зарылдыгына жараша , бирок күн тартибине ылайык, айына 1 жолудан кем эмес өткөрөт.

4.3.Башкы директор өз демилгеси менен же башкы дирекциянын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) же Коомдун Текшерүүчүсүнүн талабы боюнча пландан тышкаркы отурумдарды чакыра алат.

4.4. Күн тартибин Башкы директор аныктайт жана бекитет.

4.5. Башкы дирекцияга кароо үчүн жиберилген материалдарга жараша Башкы дирекциянын отурумунун күн тартибинин долбоорун даярдоо милдети жүктөлгөн отурумдун катчысы аны Башкы директорго бекитүү үчүн көрсөтөт.

4.6. Башкы дирекциянын күн тартибинин долбоору отурумдун катчысы тарабынан түзүлөт.

4.7. Башкы дирекциянын күн тартиби бекитилгенден кийин отурумдун катчысы үч жумуш күндүн ичинде Башкы дирекциянын мүчөлөрүнө , жана ошондой эле маселлерди даярдоо боюнча жооптуу адамдарга байланыштын электрондук жана башка каражаттарын пайдалануу аркылуу жөнөтөт.

4.8. Кайсы-бир маселелер боюнча шашылыш чечим кабыл алуу зарылдыгында жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт кыскартылышы ыктымал.

4.9.Башкы дирекциянын отурумун өткөрүүнүн кворуму Башкы дирекциянын дайындалган 2 мүчөсүнөн кем эмести түзөт.

4.10. Башкы дирекциянын ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Отурумга катышкан Башкы дирекциянын мүчөлөрү өз добуштарын башка адамга, анын ичинде Башкы дирекциянын башка мүчөсүнө өткөрүп берүүгө укугу жок.

4.11. Башкы дireция тарабынан чечимдерди кабыл алууда отурумга катышкан Башкы дирекциянын мүчөлөрү күн тартибиндеги маселелер боюнча өз пикирлерин добуш берүү менен билдиришет.

4.12. Башкы дирекциянын отурумундагы чечимдери отурумда катышкан Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн добуштарынын көпчүлүгү менен кабыл алынат.

4.13. Добуштар тең болгон учурда төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп эсептелет.

4.14. Башкы дирекциянын отурумдарында Башкы дирекциянын мүчөлөрүнөн тышкары, тизмеси Башкы директор тарабынан аныктала турган башка адамдар дагы катыша алат(Коомдун кызмат адамдары, тышкы эксперттер жана башка чакырылган адамдар).

4.15.Эгерде Башкы дирекциянын чечими менен башка каралбаган болсо, анда Башкы дирекциянын чечими отурумду өткөргөн күндөн тартып күчүнө кирет.

4.16.Коомдун Башкы дирекциясынын отурумунда протокол жүргүзүлөт.

4.17. Башкы дирекциянын отурумунун протоколу аны өткөргөндөн кийин үч күндөн кеч эмес түзүлөт.

4.18.Отурумдун протоколунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- аны өткөрүүнүн күнү, орду жана убактысы;
- отурумда катышкан адамдар;
- отурумдун күн тартиби;
- добушка коюлган маселелер;
- каралып жаткан маселелер боюнча Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн А.А.А көрсөтүү менен добуш берүүнүн натыйжалары жана кабыл алынган чечимдер;
- кабыл алынган чечимге каршы добуш берген же добушка коюлган маселелер боюнча добуш бербеген Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн пикирлери;
- протокол түзүлгөн күн.

Башкы дирекциянын отурумунун протоколуна отурумга катышкан Башкы дирекциянын мүчөлөрү менен макулдашуудан кийин Башкы директордун жана отурумдун катчысынын колу коюлат. Отурумга катышпаган Башкы дирекциянын мүчөлөрү проткол жана кабыл алынган чечимдер менен кол коюлуп тааныштырылышы керек.

4.19. Башкы дирекциянын отурумунун протоколуна кол койгон күндөн тартып үч жумуш күндө отурумдун катчысы байланыштын электрондук же башка каражаттары аркылуу Башкы дирекциянын отурумунун протоколунун көчүрмөсүн, ал эми даректерине протоколдо камтылган чечимдер жиберилген башка адамдарга, андан көчүрмө бөлүгү жиберилет.

4.20. Башкы дирекциянын чечимдеринин аткарылышына контролдукту отурумдун катчысы жүргүзөт. Мындай контролдукту аткаруунун жүрүшүндө отурумдун катчысы Башкы дирекциянын чечимдеринин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө жооптуу адамдардан суроого укуктуу. Белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин жооптуу адамдар Башкы дирекциянын тиешелүү чечиминин аткарылышы жөнүндө отурумдун катчысына кабарлоого милдеттүү.

4.21. Башкы дирекциянын чечимдеринин аткарылышынын жүрүшү тууралуу маалымат ай сайын отурумдун катчысы тарабынан Башкы дирекциянын мүчөлөрүнө жеткирилип турат. Башкы дирекциянын чечимин өз убагында аткарууга тоскоолдук кылган себептер пайда болгон учурда жооптуу адам алдын ала Башкы директорго Башкы дирекциянын чечимдерин аткаруунун мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө кайрылууга милдеттүү. Кайрылууда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- Башкы дирекциянын чечимдерин аткарбоонун себептери;
- Башкы дирекциянын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган аракеттердин тизмеси;
- Башкы дирекциянын чечимдерин аткаруу үчүн пландаштырылган күн.

4.22. Коом Башкы дирекциянын турган орду боюнча Башкы дирекциянын отурумдарынын протоколдорун Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө сактайт.

## 5. БАШКЫ ДИРЕКЦИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Коомдун күнүмдүк ишмердигине жетекчиликти ишке ашыруу боюнча Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Жобо жана аны менен Коомдун Жалгыз акционеринин ортосунда түзүлгөн келишим менен аныкталат.

5.2. Өз укуктарын жана милдеттерин ишке ашырууда Башкы дирекциянын мүчөлөрү Коомдун кызыкчылыктарында аракеттенип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоосу зарыл.

5.3. Башкы дирекциянын мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Коомдун ишмердигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Коомдун Уставына жана башка ички документтерине так ылайыктуулукта камсыз кылууга;
- Башкы дирекциянын отурумдарында катышууга жана Башкы дирекциянын кароосуна алып чыгып жаткан маселелерди даярдоодо, талкуулоодо жана добуш берүүдө активдүү катышууга;
- Башкы дирекция тарабынан кабыл алынып жаткан маселе боюнча материалдар жана маалыматтар менен тыкыр таанышууга жана зарыл болгондо – кошумча маалыматты суроого, Башкы дирекция кабыл алып жаткан чечимдердин кесепеттеринин коркунучтарын калыс баалоого;
- Жалгыз акционер жана Башкы дирекция тарабынан кабыл алынган чечимдерди аткарууга, аткаруусун камсыз кылууга;
- Башкы дирекциянын мүчөлөрү менен Коомдун кызыкчылыктарынын ортосунда чыр-чатакты пайда кылууга же алып келүүгө потенциалдуу жөндөмдүү болгон аракеттерден алыс болууга , эгерде мындай чыр-чатак пайда болгон учурда Жалгыз акционерди дароо кабардар кылууга милдеттүү;
- Коомго өзү жана өзүнүн аффилиацияланган жактары, ошондой эле Коомго Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу үчүн жана Коомдун өз максаттарына жетиүүсү үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды, маалымдарды жана документтерди берүүгө;
- Коомдун эффективдүү иштөөсүндө Коомдун жумушкерлеринин кызыгуу атмосферасын түзүүгө;

  Башкы дирекциянын мүчөлөрү жана ошондой эле алардын аффилиацияланган адамдары Башкы дирекция тарабынан өзүнүн милдеттерин аткарууга байланышкан

чечимдерди кабыл алууга кызыкчылыктуу жактардан белектерди же сыйакылардын башка формаларын алууга, ошондой эле ушундай адамдар тарабынан берилген кандайдыр-бир тике же кыйыр артыкчылыктар менен пайдаланууга укуктуу эмес, расмий иш чараларды өткөрүүдө сылыктыктын жалпы кабыл алынган эрежелерине ылайык көңүл алуунун символикалык белгилерин же сувенирлерин кошпогондо.

5.4. Башкы дирекциянын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- Өз функцияларын аткарууга зарыл болгон документтер менен таанышууга;
- Башкы дирекциянын кароосуна коюлган маселелер боюнча толук көлөмдө материалдарды жана маалыматтарды алууга;
- Башкы дирекциянын отурумдарынын күн тартибинде карала турган маселелер боюнча кошумча маалыматтарды алууга.

5.5. Башкы дирекциянын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же Коомдун ички документтерине ылайык Коом жөнүндө конфиденциалдуу жана инсайдерлик маалыматты ачыкка чыгарууга жана жеке максаттарга же үчүнчү жактардын кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга укуктуу эмес.

5.6. Башкы дирекциянын мүчөлөрү өз укутарын ишке ашырууда жана милдеттерин аткарууда Коомдун кызыкчылыктарында аракет кылуусу керек, Коомго карата өз укуктарын ишке ашырууда жана милдеттерин ак ниеттүүлүк жана акыл-эстүүлүк менен аткаруусу зарыл.

5.7. Башкы дирекциянын мүчөлөрү Коомго жана Жалгыз акционерге келтирген зыян жана күнөөлү аракеттери (аракетсиздиги) үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Коомдун алдында жоопкерчиликтүү болот.

5.8. Аны банкроттукка алып келген же канааттандырарлыксыз иши же укук бузуулары үчүн ээлеген кызматынан четтетилген Башкы дирекциянын мүчөлөрү акцияларынын мамлекеттик пакети бар коомдун башкаруу органдарына шайлана албайт.

5.9. Коомго зыян келтирүүгө алып келген чечимге каршы добуш берген же добуш берүүгө катышпаган Башкы дирекциянын мүчөлөрү Коомга зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликтүү болбойт.

5.10. Эгерде, ушул берененин жобосуна ылайык, бир нече адам жоопкерчиликтүү болсо, алардын коом алдындагы жоопкерчилиги жалпы болуп эсептелет.

5.11. Финансылык-чарбалык ишмердик жөнүндө отчет коомдун финансылык абалын чагылдырууну олуттуу түрдө бурмаласа , аталган документтерге кол койгон Коомдун Башкы дирекциясынын мүчөлөрү ушунун натыйжасында материалдык зыянга кабылган үчүнчү жактардын алдында субсидиардык жоопкерчиликтүү болушат.

5.12. Башкы дирекциянын документтеринин сакталышы боюнча жоопкерчиликти Башкы дирекциянын отурумдарынын катчысынын милдеттери жүктөлгөн отурумдун катчысы алат.

## 6. БАШКЫ ДИРЕКЦИЯНЫН ОТЧЕТТУУЛУГУ

6.1. Коомдун Башкы дирекциясы Жалгыз акционердин алдында коомдун финансылык-чарбалык ишмердиги жана бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө квартал сайын жана жылдын жыйынтыктары боюнча отчет берүүгө милдеттүү.

## 7. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

7.1. Жобо жана ага өзгөртүүлөргө Жалгыз акционер тарабынан бекитилет.

7.2. Эгерде, ушул Жобонун ченемдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына каршы келе турган болсо, анда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери колдонулат.